## Н.Рахманов атындагы орто мектебининде

## өрт коопсуздугунун алдын алуу боюнча аткарылган иштер боюнча анализ.

Мектептин өрт коопсуздугу боюнча  нускама (инструкция), Кыргыз Республикасынын  “Өрт коопсуздугун камсыз кылуу жөнүндө” мыйзамынын, мектептин Уставынын негизине ылайык иштелип чыгып, пед кенеште каралып мектеп директору тарабынан бекитилген. Анда:

- Нускаманын жалпы жоболору
- Коргоо объектисинин мүнөздөмөсү жана өрт коркунучунун өзгөчөлүгү
- Өрт коопсуздугу, эвакуация жана өрттү өчүрүү иш-чараларын уюштуруу, биринчи медициналык жардам үчүн жооптуулар
- Мектептеги өрт коопсуздугу үчүн жооптуу адамдардын милдеттери анын ичинен мектееп директорунун милдети, өрт коопсуздугу боюнча ыйгарым укуктуу кызматкерлердин  милдеттери, мектептин башка бардык кызматкерлеринин милдеттери, класс жетекчинин милдеттери, предметтик мугалимдердин милдеттери даана так, көрсөтүлгөн.

Кызматчылар кызматка кабыл алынып жатканда өрт коопсуздугунун чаралары жөнүндө баштапкы нускамадан, андан кийин кызмат ордунда - кайталап нускамадан өтүп турушат. жана атайын ачылган журналдарга кол тамгаларын коюшат.

Өрткө каршы ыкмалардын минимуму боюнча сабактарды өткөрүү тартиби мектептин директорунун  буйругу менен жарыяланып, төмөнкү темаларды үйрөнүү  үчүн  6 сааттык сабак төмөнкү темалар боюнча жыл сайын  өткөрүлүп турат:

1-тема: "Объекттеги өрт коопсуздугунун чаралары"
2-тема: “Жумуш ордунда өрт коопсуздугунун чаралары"
3-тема: "Өрт өчүрүү жардамын чакыруу"
4-тема: "Өрткө каршы жабдуулар жана шаймандар, өрт чыккан учурда аларды колдонуунун тартиби"
5-тема: "Өрт чыккан учурдагы аракеттер"
6-тема: "Өрт болгондо дарыгерге чейинки алгачкы жардамды көрсөтүү"

Мектеп директору тарабынан өрткө каршы режими  тууралуу буйрук да чыгарылган. Буйрукта мектепте тыюу салынчу нерселер белгиленип, өрт коопсуздугу, эвакуация жана өрттү өчүрүү иш-чараларын уюштуруу,  биринчи медициналык жардам үчүн жооптуу адамдар дайындалып, кызматтык милдеттери көрсөтүлгөн. Жооптуу адамдар буйрук менен таанышып, кол тамгасын коюшкан.

Өрт болгон учурдагы тартиптин планы түзүлүп, бардык кызматкерлер таанышып, кол тамгаларын коюшкан.

Ал эми окуучуларга болсо өрт коопсуздугунун нускамалары менен класстык саттарда таанышып, окуучулар үчүн каттоо журналына кол тамгаларын коюшкан. Ошондой эле жыл ичинде “Өрт коопсуздугунун негизги эрежелери”, боюнча атайын класстык саатттар өткөрүлүп турат. Класстык саттарда Өрттүн келип чыгуу себептерин жана аны алдын алуу жөнүндө маалыматтарды алышып, өрт коопсуздугун алдын алууну жана өрт чыккан учурда эмне кылуу керектигин үйрөнүшөт.



**Мектеп директору:** **Дюшенбаева С.Э.**